| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Эл депутаттарынын Тамга айылдык Кеңешинин XXVIII
чакырылышынын XI сессиясы

ТОКТОМ

2022-жылдын 11-марттагы № 8 Тамга айылы

**Тамга айыл аймагындагы жакынкы жайыттарын сарамжалдуу пайдалануу, чабандар баккан малдын баасын бекитүү жана аларды көчүрүү жөнүндө**

Тосор айылдарынын 2022-жылга карата жакынкы жайыттарын сарамжалдуу пайдалануу, чабандар баккан малдын баасын жана аларды көчүрүү тууралуу Тосор айылында 2022-жылдын 18-февралында болуп өткөн жалпы элдик жыйынындагы сунуштарын эске алуу менен айылдык кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XI-сессиясы токтом кылат:

1. Тосор айылдарынын жакынкы жайыттарын сарамжалдуу пайдалануу максатында топоз, кой, эчки малдарын 2022-жылдын 20-июнунан баштап Сырт өрөөнүнө көчүрүлсүн. Көчүрүлбөгөн чабандарга 100 000 (бир жүз миң) сом айып пул салынсын.
2. Бодо малдын «Алтын-Күнгөй» жайлоосуна багууга уруксаат берилсин жана «Саз», «Беш-Карагай», «Бугу-Мүйүз», «Туюк-Суу» күзгү жайытына түшүрбөй багууга милдеттендирилсин.
3. Сырт өрөөнүнөн 2022-жылдын 10-сентябрдан эрте көчүп келгендерге 100 000 (бир жүз миң) сом айып пул салынсын.
4. Тосор айылындагы чабандар баккан айына бодо малдын баасы 350 (үч жүз элүү) сомдон, кой, эчкилерге 65 (алтымыш беш) сом болуп бекитилсин.
5. Чабандар малдын акысына өз алдынча баа койгондорго 100 000 (бир жүз миң) сом айып пул салынсын.
6. Башка айылдан бодо малды, кой эчки малдарын алып келип багууга тыюу салынсын, баш ийбеген чабандарга 100 000 (бир жүз миң) сом айып салынсын.
7. Менчик топоз баккандарды «Бугу-Мүйүз» кыштоосуна жайып багууга тыюу салынсын. Кыш мезгилинде топоздор «Алтын-Күнгөй», «Муздообас» жайыттарында багылсын, андан ылдый түшсө 100 000 (бир жүз мин) сом айып пул салынсын.
8. Токтомдун аткарылышын аксакалдар соту, айылдык кеңештин депутаттары, Тосор айыл башчысы Э.Кускакбаевге, «Тосор-Муратчан» дыйкан чарба кооператив башчысы Рысбек у.А., айылдын жаштар уюмуна милдеттендирилсин.

Төрагасы: А.Букаров

Жиберилди: иш кагаздарга-1, Тамга а/ө -1.